**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2025, 306-311

**УДК: 951/959(575.2):297**
**DOI:** 10.52754/16948653_2025_2_36

# КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ МУСУЛМАН САЛТТАРЫ ЖАНА МАЙРАМДАРЫ

# МУСУЛЬМАНСКИЕ ТРАДИЦИИ И ПРАЗДНИКИ В КЫРГЫЗСКОМ НАРОДЕ

# MOSLEM TRADITIONS AND HOLIDAYS ARE IN THE KYRGYZ PEOPLE

**Атаханова Г.**
*Атаханова Г.*
*Atahanova G.*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*

---

**Ураимова Элнура**
*Ураимова Элнура*
*Elnura Uraimova*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ МУСУЛМАН САЛТТАРЫ ЖАНА МАЙРАМДАРЫ

**Аннотация**

Макалада кыргыз элинин жашоосундагы мусулман салттары жана майрамдары изилденди. Күнүмдүк жашоодо кайталанып турган исламдын ырым-жырымдары, анын таасири, мусулман майрамдарынын салттуу түрдө майрамдала баштаганы каралды.

***Ачкыч сөздөр:*** Ислам, Орозо айт, кадыр түн. Курман айт, бейиш, тозок, жаназа

***МУСУЛЬМАНСКИЕ ТРАДИЦИИ И ПРАЗДНИКИ В КЫРГЫЗСКОМ НАРОДЕ***

**Аннотация**
В статье были исследованы мусульманские традиции и праздники в кыргызском народе. Рассмотрены влияние исламской культуры, применение в жизни мусульманских обряд и традиционное празднование мусульманских праздников.

***Ключевые слова:*** Ислам, Ид аль-Фитр, Ночь Могущества. Ид аль-Адха, рай, ад, похороны

***Medico-social importance of a healthy lifestyle in shaping the health of students***

**Abstract**
In the paper moslem traditions and holidays were investigational in the kyrgyz people. Influence of islam culture, application, is considered in life moslem ceremony and traditional celebration of moslem holidays.

***Keywords:*** Islam, Eid al-Fitr, Night of Power. Eid al-Adha, Paradise, Hell, Funeral

**Киришүү**

Кыргыз элинин турмушуна ислам дини тереңдеп кирбесе да, анын каада салтын, көчмөн маданиятын изилдегенде кандай болбосун исламдын таасирин көрүүгө болот. Ал тургай күнүмдүк жашообузда да исламдын ырым жырымдары кайталанып турат. Канткен күндө да кыргыз элинин үрп адаты, каада салты ислам менен тыгыз байланышта. Мамлекеттик деңгээлде жарыяланган үч диний майрамдар: «Орозо айт», «Курман айт» жана Ийса пайгамбардын туулган күнү (7-январь) элдик майрам катары жылда майрамдалып келет. Кыргызстандагы мусулман майрамдарына кайрылардан мурун, майрам деген эмне тактап алсак, коомдо жашап жаткан элдин, социалдык таптын, этнографиялык топтун, улуттун жашоо турмушундагы олуттуу учурларга, белгилүү тарыхый окуяларга, эмгекке байланыштуу салтанаттуу күндү майрам дейбиз. Майрам тарыхый белгилүү убакта, адамдардын белгилүү бир муунунда пайда болот жана кийинки муундарга тынымсыз өтө берип, көп кайталануунун натыйжасында салтка айланат.

Изилдөөнүн максаты. Ар бир майрам ар кандай жөрөлгөлөр менен өтөт. Майрам коомдук мааниге ээ болуп, кеңири масштабда белгиленип келген. Ал адамдардын күндөлүк турмушундагы салтанаттуу учурларды өз кучагына албаганы менен маанилүү күндөрдү эстетет. Ал эми, каада-салттар болсо адамдардын диний көз карашынын негизинде пайда болгон кыймыл аракеттин жыйындысын түзүп, аны аргасыздан кармануу шартын түзөт. Ушул жана башка маселелер макаланын негизги максатын түздү.

Изилдөөнүн усулдары. Тарыхый изилдөөлөрдө калыптанып калган теребелдүү (системалуу) изилдөө менен бир катар эле таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), социологиялык, салыштырма, маданий, генетикалык усулдар колдонулду. Анткени учурдагы кыргыз элибиздин салттарынын айланасындагы болуп жаткан айрым маселелери коомчулук тарабынан колдоого алынбай жаткандыгы менен көңүл чордонунда калды. Булардын бары макаланы талдоого алганда жогорудагы усулдарды колдонууга шарт түздү.

Макаланын актуалдуулугу. Ислам акырындап үстөмдүк кылуучу динге айлануу менен кыргыздардын арасында кеңири тараган байыркы үрп-адаттар, ырым-жырымдар менен сыйышып, жашоосун уланта берген. Анткени, өзүнүн таралышында ар бир элдин “жергиликтүү” ырым-жырымдарын, салттарын өзүнө пайдаланган. Ал эми, жергиликтүү элдер болсо, ислам динин кабыл алууда ага бир кыйла өзгөртүүлөрдү киргизген. Мисалы, Борбордук Азияда жашаган мусулмандардын сөөктү көмүү, аны эскерүү, балдарды сүннөткө отургузуу жана башка салттары менен башка өлкөлөрдө жашаган мусулмандардын ушул эле салттарында чоң айырмачылыктар бар. Ошентип, улуттук салттар менен диний салттар көп кылымдардан бери жанаша гана жашабастан, бири бирине терең таасир этишип, аралашып кеткен. Ушул жана башка маселелер макаланын актуалдуулугун көрсөтө алда.

X к. тартып, Бобордук Азияда анын ичинде Кыргызстандын ислам дини өнүгүү этабына өтүп, жергиликтүү төбөлдөр ислам дининин артыкчылыктарын түшүнгөндөн кийин, элдин күчүн бириктирүүдө Караханий мамлекетинин каганы исламды мамлекеттик дин катары жарыялаган.

Кыргыз элинин турмушуна исламдын келиши менен көптөгөн мусулман майрамдары да кире баштады. Алардын бири бүгүнкү күндө күчүнө кирип бараткан Лейляд-аль-кадр – кадыр түн. Мусулмандар ыклас кылып туткан орозонун 27-түнүн өзгөчө салтанат менен түнү бою кудайга жалынып, күнөөлөрүн кечирүүнү сурап, орозосу кабыл болушун тилеп кадыр түн тозушат. Андан кийинки майрам 30 күн орозо бүткөндөн кийинки орозо айт – майрамы – ид-аль-фитр. 30 күн орозо кармагандан кийин жетим жесирге, бейбечарага кайыр садага берилген. Ал күнү мусулмандар майрамдагыдай татынакай кийинип алышып, бири биринин үйлөрүнө айтташып майрамдашкан. Боорсок бышырылып, тамак жасалып көзү өткөндөргө куран окулган. Кээ бирде күнөөдөн арылыш үчүн мусулман адам жандыкты курмандыкка чалган. Орозо айттан 70 күндөн кийин келген Курман айт майрамы – ид-аль-адха мусулмандардын эң урматтаган майрамдарынын бири. Бул күнү ар бир колунда бар мусулман жандыкты курмандыкка чалууга милдеттүү. Бул майрамга даярдануу жана аны майрамдоо өзгөчө салтанат менен өткөн. Эркектер айт намазга барып келгенден кийин чоң дасторкон жайылып, дүр-дүйүм тамак аш коюлган. Мусулмандар бири-бириникине конокко барышып, 3 күнгө чейин айтташкан.

Курман айт- тирүүлөрдүн майрамы деп эсептелинип, курмандыкка чалынган жандыктын этин үчкө бөлүп, бир бөлүгүн бей-бечараларга, экинчи бөлүгүн үй-бүлө мүчөлөрүнө, туугандарга бөлүштүрүп, үчүнчү бөлүгүн чогуу бышырып жешкен.

XIX – XX кк. башында бул майрам өзгөчө майрамдалып, биринчи күнү кээде жаштардын катышуусу менен кыз куумай уюштурулганын тарыхчы С.М.Абрамзон бекемдеп кеткен [1. 96]. Байыркы диний формалардын бири анимизм, башкача айтканда арбакка ишенүү диний түшүнүгүнүн негизинде бир кыйла диний адаттар пайда болгон. Адам өлгөндө жан денеден ажырап, башка дүйнөгө барып, өзүнүн жашоосун улантат, ал мезгилмезгили менен кайра “бул дүйнөгө” келип, түрүү адамдар менен аралашып, оюн-күлкү, тамашаларга катышат, тамак жейт деген түшүнүктө болушкан. Ушунун негизинде кыргыздарда өлгөн адамдын үйүндө жыл бою аш бергенге чейин “тул” кармашкан [2.103]. Ал эми, өлгөн адамга аш берүү ислам дининин салты эмес. Аш берүү салты анимисттик түшүнүктүн негизинде Борбордук Азияда жашаган көчмөн элдерде гана пайда болгон нерсе. Акыркы учурда кыргыздарда кара аш, үчүлүк, жетилик, кырк аш, чоң аш болуп, аштын беш түрү кезигет. Коомдун өнүгүшүнө байланыштуу бул салттардын диний идеясы сакталып кала берген. Көпчүлүк каада-салттар түздөн-түз исламга байланыштуу. Кээ бир каада-салттар кыргыз элинин исламга чейинки диний ишенимдерине тийешелүү болгон. Ошол эле учурда ислам дини менен байланыштырылган салттар да бар. Бирок алар туура эмес, башкача айтканда ислам туура көрбөгөн, исламда жок салттар коомдо пайда болуп, жашап келген. Мисалы, өлүктү көмүү салты, же кара аш берүү. Кара ашта сөзсүз жылкы же бодо мал союу зарыл. Колунда барлар экиден, үчтөн мал союшкан. Колунда жоктор карызга белчесинен батып, карызды качан, кантип, ким төлөйт, ага эч кимдин башын ооруган эмес. Бирок өлгөн адамдын үй-бүлөсү намыс үчүн “салттын” баарын жасаган. Болбосо өмүр бою сөзгө калган. Бул ислам динине ушундай деген таризде кала берген. Ал эми ислам дининде үйдө бирөө каза болсо, ал үйдө үч күнгө чейин от жагылбасын, казан асылбасын, анткени, алардын көңүлүнө эч нерсе сыйбайт, бирок алыстан келген меймандарды коңшу колоң тамак берип багып турсун, себеби, алардын да башына өлүм келет деп айтылган.

Үй-бүлөнү экономикалык кризиске учуратууга ислам дини каршы. Курандын өзүндө төмөнкүдөй аят бар: “Жегиле, ичкиле, бирок ысырап кылбагыла, күмөнсүз Алла ысырап

кылуучуларды жактырбайт” [3.4](Араф 31-аят). Бүгүнкү жаңы шартта, элдин жашоо деңгээли төмөндөп кеткен учурда жогорудагыдай каада-салттардан арылуу зарыл. Бул багытта Жогорку Кеңеш тарабынан сунушталып жаткан чыгымдарды кыскартуу боюнча мыйзам колдоого арзыйт. Мындай өзгөчө чыгымдар кыргызга гана мүнөздүү болгон сыяктуу.

Кыргыз элинин өткөндөгү улуттук салты ислам дининдеги эң негизги нерсе “тиги дүйнө”, “бейиш” жана “тозок” идеяларына шайкеш келип, өткөн кылымда ислам бул салтты өзүнө кабыл алып, коомдун өнүгүшү менен дин кызматкерлери тарабынан “жаназа”, “доорон” сыяктуу айрым жаңы элементтер менен толукталган. “Доорондо” молдо тарабынан курандын айрым сүрөөлөрү жана аяттары окулуп, өлгөн адамдын кудай алдында кылган күнөөлөрү жеңилдетилген, же болбосо кечирилген. Анын күнөөсүн белгилүү суммадагы акча үчүн молдо өзүнө алган. Ушундан улам ой келет, балким “доорон” дин кызматкерлери тарабынан өз кызыкчылыктары үчүн чыгарылган нерсе болуп жүрбөсүн. Анткени, “доорондун” мусулмандардын ыйык салты катарында санагандыгы жөнүндө куранда эч нерсе жазылган эмес. Ал гана эмес өлгөн кишинин күнөөсүн кечирүү идеясы ислам дининдеги “тиги дүйнө”, “бейиш”, “тозок” жөнүндөгү анын окуусуна карама-каршы келет. Ушундан улам кыргыздар ислам динин терең түшүнүүдө жана кабыл алууда айрым бир мүчүлүштүктөрдү кетирүүдө деген ой келет. Бул тууралуу тарыхчы Б.Жамгирчинов төмөндөгүчө белгилеген: “Кыргыз калкынын басымдуу бөлүгүн мусулманчылыкты бийик туткан адамдардын катарына кошууга болбойт, алардын арасында диний фанатизм да байкалган эмес.

Исламдын догмалары көп деле белгилүү боло бербеген, диний үрп-адаттар так аткарылбаган жана аны баары эле аткара берген эмес”. [4.203]. Демек, кыргыз элинин турмушунда исламдын баалуулуктарын өнүктүрүүдө, анын салттарын колдонууда, майрамдарын майрамдоодо исламды терең өздөштүрө билүү зарыл. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинде жашап келе жаткан туура эмес каада-салттар менен күрөшүүдө түздөн түз ислам динин пайдалануу мезгил талабы болуп эсептелет. Кыргыз элиндеги туура эмес каада-салттарды, айрыкча аша-чабуучулук, ысырапкорчулукту жоюуда муфтияттын, имам, молдолордун таасири чоң. Ислам жөнүндөгү туура түшүнүктөрдү элге жеткирүүдө илимий чөйрө да тынымсыз иштөөсү зарыл. Учурда диний багытта реформаларды жүргүзүү бүгүнкү күндүн талабы болууда. Андай болгондо биз кыска мөөнөттө көп ийгиликтерге жетээрибизге ишеним бар.

**Адабияттар**


1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б.: Кыргызстан Сорос фонду, 1999. 96-б.
2. Бактыгулов Дж.С., Момбекова Ж.К. История кыргызов с древнейших времен до наших дней. - Б., 2001. 103-б
3. Настольная книга атеиста. - М.: Издательство политической литературы, 1987. 5. Куран / Котор. Э. Турсунов. - Б.: Кыргызстан, 1991. 4-б.
4. Усупова Ч.С. Сосиально-исторические факторы распространения ислама в Киргизии // Ислам в истории Кыргызской государственности. - Б., 2003. 203-б.

5. Джудамишева, Б. К. Причины, побуждающие жительниц Кыргызстана к ношению хиджаба и проблемы восприятия их в светском обществе / Б. К. Джудамишева // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – № 1-4. – С. 84-88. – EDN WQDSMQ.
6. Мансурова, А. Т. Антропонимы с религиозной семантикой в Центральной Азии / А. Т. Мансурова, Г. А. Мадмарова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 4. – С. 485-493. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_4_485. – EDN JJBRYS.
7. Распространение ислама у кыргызов / М. А. Закиров, А. С. Закирова, Р. К. Сабиров, М. И. Чыналиева // Вестник Ошского государственного университета. История. – 2022. – № 1. – С. 38-47. – DOI 10.52754/1694867X_2022_1_5. – EDN VGAVNC.
8. Авазов, Э. А. Орусия империясынын Түркстандагы “мусулманчылык маселесине” карата мамилеси / Э. А. Авазов // Чыгыш таануунун маселелери. – 2024. – No. 1. – P. 16-24. – DOI 10.52754/16948653_2024_1_2. – EDN HWXZZF.
9. Мурзаев, М. С. Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин өнүгүшүнө ислам дининдеги түшүнүктөрдүн тийгизген таасири / М. С. Мурзаев, Н. О. Караева // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 1. – P. 109-117. – DOI 10.52754/16948610_2023_1_13. – EDN OXAWYI.
10. Галмаматов, А. А. Хибатуллах ат-Таразий (ат-Түркистаний) жана ислам ишеним негиздери тууралуу көз караштары / А. А. Галмаматов // Вестник Ошского государственного университета. – 2025. – No. 1. – P. 200-211. – DOI 10.52754/16948610_2025_1_17. – EDN TELRHG.
11. Темиралиева, Г. Т. Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплекси ислам архитектурасында / Г. Т. Темиралиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 3, No. 3. – P. 102-111. – EDN MMPPRU.
12. Себетов, Ж. Ислам укук доктринасында адамдын укуктук катнаштын субъектиси болуп эсептелишинин негиздери / Ж. Себетов // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 4. – P. 193-202. – DOI 10.52754/16948610_2024_4_19. – EDN RVJOMW.